## Англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасында 2022-2023-окуу жылдарында өткөзүлгөн тарбиялык иштердин 1-ж.ж. боюнча эсеп кысабы

Англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасынын башкы максаты студенттерге татыктуу, сапаттуу билим берүү менен бирге жаштарды адептүү жана ыймандуу,маданияттуу, башка ой-пикирлер менен көз караштарга сабырдуу кылып тарбиялоо. Максатка ылайык 2022-2023 – окуу жылынын I жарым жылдыгында англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасында бир топ маданий жана коомдук иш-чаралар аткарылды.

Окуу жылдын башында тарбиялык иштердин жылдык планы иштелип чыгып, кафедранын отурумунда бекитилди. Кафедранын башчысы доцент Акматова А.А. тарабынан студенттик тайпалардын кураторлору дайындалып жана бекитилди. Биринчи жарым жылдыкта кураторлор тайпадагы студенттер менен тыгыз байланышта иштешип, факультетте өткөзүлгөн иш-чараларга активдүү катышты.

**Англис тилинин фонетикасы жана граматикасы кафедрасынын**

**2022-2023- окуу жылындагы 1-курстун тайпаларынын кураторлорунун тизмеси**

| № | Курс, тайпа | Кураторлордун аты-жону |
|---|---|---|
| 1 | АРБ(б)-1-22 | Умаров А.А |
| 2 | АКК(б)-1-22 | Эрмекбаева Н.Ж (Улук окутуучу) |
| 3 | АКК(б)-2-22 | Тумонова Н.А |
| 4 | АКК(б)-3-22 | Апжапарова А.Ш |
| 5 | **АКК(б)-4-22** | **Бакиева С.Т** |
| 6 | АКК(б) 5-22 | Бекташева Ж.Т |
| 7 | АРК(б)-1-22 | Орозбаева В.Э |

| | | |
|---|---|---|
| 8 | АРК(б)-2-22 | Узакбаева Б.М |
| 9 | АРК(б)-3-22 | Матаева К.А |
| 10 | АРК(б)-4-22 | Усенова Н.Т |
| 11 | **АРК(б)-5-22** | **Абдиева А.А** |
| 12 | **АРК(б)-6-22** | Тагаева Т.А |
| 13 | **АРК(б)-7-22** | Мурзабекова Ч.К |

**Англис тилинин фонетикасы жана граматикасы кафедрасынын**

**2022-2023- окуу жылындагы 4-курстун тайпаларынын кураторлорунун тизмеси**

| **№** | **Курс, тайпа** | **Кызмат орду** | **Куратолордун аты жону** |
|---|---|---|---|
| 1 | 4АРБ1-19 | Улук окутуучу | Жороева Айгуль Митаевна |
| 2 | 4АРК3-19 | Улук окутуучу | Мурзубраимова Динара Умаровна |
| 3 | 4АРК5-19 | Окутуучу | Тажибаева Анара Акынбековна |
| 4 | 4АРК6-19 | Улук окутуучу | Ысмайылов Садык |
| 5 | 4АКК1-19 | Улук окутуучу | Эргешова Гулбарчын Сатимбековна |
| 6 | 4АКК2-19 | Улук окутуучу | Аспердиева Чынара Мейманалиевна |
| 7 | 4АКК3-19 | Окутуучу | Ташполот кызы Аида |

Сентябрь айы даталуу күндөргө бай болгондуктан, кафедранын окутуучуларынын демилгеси менен “Эгемендүүлүктөн эмне таптык?”, “Билим күнү” деген темаларда талкуулар уюштурулуп, атайын 1 –курстар үчүн “Деканатка,кафедрага саякат” аттуу жумалыктын негизинде факультет менен тааныштырылды.

Үстүбүздөгү окуу жылдын 23-сентябрь күнү – Мамлекеттик тил майрамына карата кафедранын окутуучуларынын демилгеси менен 1–курстун студенттери тарабынан “Кыргыз тили-кылымдарды карыткан тил” аттуу куратордук тарбиялык сааттар уюштурулду. Ушул эле 23-сентябрь тил майрамына карата Ош улуттук драма театрына 1-курстар майрамдык кечеге чакырылышты.

Окуу жылдын экинчи айында б.а. 13-14-сентябрында факультеттер аралык 1-курстар үчүн “Спорт ден соолуктун булагы” аттуу спартакиада болуп өттү. Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин студенттери активдуу катышышып , алдынкы орундарды багындырышты. 18 Факультеттин ичинен 2-орунду ээлешти.

8-октябрда 1-курстун студенттери Ишембиликке катышышты АКК 1-2-3-4- тайпаларынын студенттери автотрессттеги 2-корпусту , Котормочу тайпалар Алымбек Датка участогун ,
АКК 5, АРБ 1, АРК 1-2-3-4-5-6 тайпаларынын студенттери факультеттин ичин жана сыртын 1-этаждагы фойе ни , факультетке тиешелуу болгон участокторду жууп, тазалашты.

31-октябрда 1-курстун окутуучулары Матаева К.А жана Абдиева А.А тарабынан уюштурулган «Wizard s Battle» аттуу конкурска 4 команда катышып, англис тили боюнча конкурстарга катышышып, ырдашып ,бийлешип, өз таланттарын көрсөтүштү.

1-орунду 91 балл менен “Monsters» АРК 5(а)

2-орунду 88 балл менен «Devils» АРК 4(а)

3-орунду 87 балл менен «Werewolves» АРК 3(а)

4-орунду 74 балл менен «Vampires» АКК 3(б) ээлешти.

ОшМУ нун ректор профессор Кожобеков К.Г агайдын буйругу менен 17-ноябрда томонку окутуучулар Усенова Н.Т , Бекташева Ж.Т, Тумонова Н.А , Орозбаева В.Э жана Апжапарова А.Ш « Окуу жайлардагы орт коопсуздуктарын сактоо жана шаймандарды колдонууну уйронуу» максатында №3-ОшМУ нун жатаканасына барышып , иш - чарага катышып келишти .

18-ноябрда 1-курстун студенттерин официалдуу турдо кабыл алуу кечеси ош улуттук драма театрында болуп отту.
Кечеге ОшМУ нун Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору, биздин факультеттин куратору, доцент Шарипова Мастура эжеке, дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин деканы, доцент Рахат Жумабаевна Сагындыкова, ДТМФ нын тарбиялык иштер боюнча декандын орун басары окутуучу Карабекова Эльмира Аликуловна, англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасынын башчысы, доцент А.А Акматова , башка кафедра башчылары жана жалпы окутуучулар курамы катышты.

14-декабрда англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасынын окутуучусу Орозбаева Венера Эркинбаевна тарабынан уюштурулган “Drama contest” аттуу конкурс 1-курстар арасында болуп отту. Конкурска бир нече тайпа катышып оздорунун таланттарын корсотушту .Бул конкурстун негизги максаты студенттердин билим денгээлин жогорулатуу .

23-декабрда англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасынын башчысы, доцент А.А Акматова эжекенин демилгеси менен уюштурулган “Маданияттуулук – улуттун жузу “ аттуу тарбиялык кече 1-курстун студенттери арасында болду. Кечеге Ош шаардык кенешинин депутаты, теле журналист Кадырбекова Нуркыз, Ош МУнун мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору, доцент Шарипова Мастура Сайпидиновна, ДТМФнын деканы, доцент Рахат Жумабаевна Сагындыкова, ДТМФ нын тарбиялык иштер боюнча декандын орун басары, окутуучу Карабекова Эльмира Аликуловна жана кафедранын окутуучулары тарбиялык кечеге катышышты .

Кафедранын ар бир куратор окутуучулары кураторлук сааттарын жадыбалга койдурушуп сабактарын үзгүлтүксүз өтүп жатышты .

**Англис тилинин фонетикасы**
**жана грамматикасы кафедрасынын**
**башчысы, доцент** А.А Акматова

**Кафедранын тарбиялык иштер боюнча**

**жооптуу окутуучусу** **Нуркыз Айжигитовна Тумонова**